Нуруев Т.Э.

*ОшМУ*

## СҮЙЛӨМДҮН СТРУКТУРАЛЫК ТИПТЕРИ ЖӨНҮНДӨ

Адамзатты адам катары коомдук турмуштун жогорку баскычына көтөргөн тил да башка руханий категориялар сыяктуу тынымсыз кыймылда болот. Мындай кыймыл диалектикалык эки жактуу процесс катарында болуп өтөрү эбактан бери эле белгилүү. Бир жагынан тилибиздин тиги же бул категориялары жаңы мазмунга, жаңы формаларга ээ болуп,зарылдыгына жараша татаалдашууга бет алса, экинчи жагынан, тилдик үнөм мыйзамынын негизинде айрым салааларында кыскартуу, жөнөкөйлөшүү процесси жүрөт. Тагыраак айтканда, түрк тилдеринин синтаксистик системасында эки тенденция жашайт: бир жагынан синтаксистик өсүп-өнүгүүнүн натыйжа-сында татаал конструкциялар калып-ташса, экинчи жагынан, мурдатан жашап келген татаал конструкциялар парадиг-малык жактан кыскарууга учурайт. Биринчи тенденция экстенсивдүүлүк менен, ал эми экинчиси интенсивдүүлүк менен ишке ашып турат [4]. Ушундай мыйзам ченемдүүлүктөрдүн натыйжа-сында тил илиминде теориялык жана практикалык жаңы проблемалар ар убак пайда боло берет. Мындай көрүнүш тил илиминде айрыкча лексикалогия жана синтаксис тармагына мүнөздүү. Анткени түрдүү лингвистикалык жана экстралингвистикалык факторлордун негизинде сөздүк составда эскирүү менен жаңыдан пайда болуу, синтаксистик түзүлүштө структуралык жактан жаңылануу сыяктуу кубулуштар динамикалуу мүнөздө жүрүп турат. Мындан тышкары, тил илиминин айрым тармактары боюнча илимий жактан тыянактуу жалпылоолор али да толук ишке аша элек. Бул жагдай бөтөнчө  сүйлөм маселесине тиешелүү экендиги талашсыз. Тил илиминде сүйлөм тууралуу 300-дөн ашуун аныктама бар [10]. Мына ушунун өзү эле тилдин башка категорияларына караганда сүйлөм, анын түрдүү аспектилери бүгүнкү күнгө чейин жеткилең чечилбей келе жатканын айгинелейт. Маселен, сүйлөм речке таандыкпы деген маселеде бир кыйла дискуссия жүрүп келди. Сүйлөмдү речке тиешелүү /Ахманова О.С., Микаэлян Г.Б./ деген көз караштa да, тилге тиешелүү /Гарлнер А., Барсова О.М./ деген көз караш негиздүү эле. Анткени сүйлөмдүн речке да, тилге да тиешелүү жактары бар. Бул жөнүндө А.В. Гротт жана В. Матезиус жыйынтыктоочу илимий пикирге келишкен. В.Матезиус минтип жазат «… в языке имеем слово в его концептуальном значении и предложение как абстрактную модель, тогда как в речи имеем слова как относяшиеся к конкретной реальности и предложение как конкретное высказывание» [11].

Демек, сүйлөмдү речтин синтаксистик бирдиги катары речке, ал эми структуралык жактан түзүп турган релеванттык белгилеринин жыйын-дысын тилге тиешелүү деген жыйынтыкка келүүгө болот. Бул жагдайга кайрылуубуздун себеби синтаксистик эң негизги бирдик катарында сүйлөмдү формалдык-грамматикалык жактан гана карабастан, функционалдык жактан, башкача айтканда, семантикалык аспекти менен биримдикте кароо зарылдыгын белгилемекчибиз.

Семантикалык синтаксис сүйлөмдүн маанисин формадан бөлүп «таза» түрүндө изилдебейт. Анткени, сүйлөмгө карата «таза» маанилик гана мамиле жасалса, форма менен мазмун жөнүндөгү диалектика жокко чыкмак. Синтаксистик бирдиктер формалдык жана семантикалык жактан биримдикте каралганда гана, чыныгы теориялык негизге ээ болот [7]. Бул болсо өз кезегинде сүйлөмдөгү түрлөргө бөлүштүрүү, алардын синтаксистик башка конструкциялар менен болгон катышы сыяктуу маселелерди чечүүдө белгилүү роль ойнобой койбойт.

Кыскасы, сүйлөм речтин коммуника-тивдик эң негизги бирдиги катарында көп аспектилүү көрүнүшкө жатат да, ага тишелүү болгон көп маселелер жалпы лингвистикада болсун,

түркологияда болсун бүгүнкү күнгө чейин так аныкталбай келе жатат. Алардын бири сүйлөмдүн структуралык жактан, түрлөргө бөлүнүшү болуп саналат. Бул маселени акыр аягына чейин жеткире чечүү сүйлөмгө мүнөздүү болгон эң негизги грамматикалык-семантикалык касиеттерди аныктап алуу зарылдыгы келип чыгат.

Жалпы лингвистикада сүйлөмгө мүнөздүү болгон негизги грамматикалык – семантикалык белгилер тууралуу илимий - теориялык жоболор бир топ арбын. Аларды жалпылай келгенде, сүйлөмгө тиешелүү эң негизги белгилер катары төмөндөгүлөрдү эсептөөгө болот. Сүйлөмдүн жашап турушунун эң негизги шарты-предикативдүүлүк [9]. Бирок аны аныктоо боюнча жалпы тил илиминде, түркологияда да бирдиктүү теориялык позиция жок, кээ бир адабияттарда предикативдүүлүктү ээ менен баяндоочтун өз ара грамматикалык-семантикалык жактан айкашуусу катары түшүндүрүлсө [3], башкаларында аны ээ жана баяндоочтун айкашуусу менен гана чектелбестен, сүйлөмдүн мазмунунун чындыкка карата болгон катышы катары карашат [1]. Чынында эле, речибизде кээ бир бир тутумдуу сүйлөмдөр бир гана баш мүчөнүн базасында түзүлсө, айрымдарында дээрлик эки баш мүчө тең катышпай калат. Мына ошонусуна карап аларда предикативдүүлүк жок деп айтуу мүмкүн эмес. Ошондуктан, предикативдүүлүк дегенибиз-бул сүйлөмдүн мазмунунун чындыкка карата болгон катышы деген жобону колдобой коюу мүмкүн эмес. Бул жерде сүйлөмдүн мазмуну жана мааниси деген түшүнүктөрдү өз ара ажыратып кароого туура келет. Ар кандай сүйлөм мазмунга жана мааниге ээ. Мазмун анын сигнификаты, конотациясы, маани болсо денотаты. Демек, сүйлөмдүн мазмуну анын маанисине караганда кененирээк түшүнүк [8]. Тагыраак айтканда, мазмун сүйлөмдүн өзүнө тиешелүү маанилерин, өзгөчөлүктөрүн башка бир маанилер, өзгөчөлүктөр менен байланышта алып жүрсө, сүйлөмдүн мааниси ага тикеден –тике тиешелүү нагыз, жекече маалымат гана алып жүрөт. Мына ошондуктан предикативдүүлүк сүйлөмдүн мазмунуна тыгыз байланыштуу каралат.

Предикативдүүлүк өз ичине модал-дуулук, чак, жак сыяктуу негизги категорияларды камтыйт. Модалдуулук дегенибиз сүйлөөчүнүн тыңдоочуга же сүйлөмдүн мазмунуна карата мамилеси. Жак болсо айтылып жаткан ой-пикирдин кимге тиешелүү экендигин билдирет. Ал эми чак айтылып жаткан ой-пикирдин мезгилге, убакытка карата болгон катышы. Ал үчак иш-аракеттин атка-рылып жаткан учуру менен аныкталат.

Сүйлөмдүн традиция катарында эсептелген белгилеринин бири анын өзүнө тиешелүү интонациясынын болушу. Ошол интонация аркылуу сүйлөм белгилүү маанидеги ой-пикирди билдире алат. Интонация аркылуу сүйлөмдүн маанилик типтери ажыра-тылат. Модалдык маанилери берилет.

Ошондой эле сүйлөмдүн аякталышы, бүтүшү, башка сүйлөмгө же контекстке көз карандысыздыгы да белгилүү мааниге ээ. Ушуга байланыштуу сүйлөмдүн эркин колдонулушу келип чыгат. Албетте, бул касиетти багыныңчтуу кошмо сүйлөмгө карата тике кабыл алууга болбойт. Бул касиет ошол кошмо сүйлөмдүн бүтүндөй түзүлүшүнө тиешелүү. Эгерде синтаксистик тиги же бул конструкция өз алдынча интонацияга, модалдуулукка ээ болуп, бирок өз алдынча аяктаган, бүткөн ойду билдире албай, башка бир конструкцияга көз каранды абалда келсе, ал сүйлөмдүк касиетке жете албайт. Андай конструкциялар көмөкчү гана маалымат алып жүрөт да, өзү менен бирдикте келген сүйлөмгө түрдүү кошумча маанилерди киргизет.

Ошентип, синтаксистик конструкция-лардын бардыгы эле жогорку белгилерге ээ боло бербейт. Аларды сүйлөм катарында кароого мүмкүн эмес. Мындай конструкциялар түрдүү түзүлүштө, түрдүү семантикада тилибизде эң эле көп учурайт. Алардын сүйлөмдө катышуусу өзүнө тиешелүү мыйзам ченемдүүлүктөргө ээ. Синтаксистик структурада сүйлөм сыяктуу айрым белгилерге ээ болгон конструкцияларды изилдөө жаңы тармакты – татаалдашкан сүйлөм бөлү-мүн пайда кылды.

Татаалдашкан сүйлөм маселеси жалпы тил илиминде синтаксистик башка категорияларга караганда алда канча кийин б. а., 50–жылдардан бери гана колго алына баштады. Бул, албетте, синтаксистик эң негизги келки маселелер такталмайынча, анын карама-гына кирүүчү көмүскө проблемаларды чечүүгө мүмкүн эместиги менен түшүндүрүлөт [2].

Татаалдашкан сүйлөмдүн семантика-синтаксистик касиеттерин илимий негизде аныктоо үчүн эң биринчи кезекте жөнөкөй сүйлөм менен кошмо сүйлөмдөр өз ара так ажыратылыш керек эле. Экинчиден, татаалдашкан сүйлөмдү түзүүчү синтаксистик категориялардын ар бири түрдүү аспектилерде сыпат-талыш керек эле. Мына ушундай жагдайдан улам тил илиминде татаалдашкан сүйлөм боюнча атайын изилдөөлөр жаңыдан гана башталып, анын көп маселелери бүгүнкү күндө актуалдуу мүнөзгө ээ болуп олтурат.

Албетте, сөз болуп жаткан маселе боюнча орус тил илиминде жана түркологияда тиги же бул аспектиде илимий изилдөөлөр жүргүзүлүп, белгилүү теориялык жалпылоолор пайда болуп калды. Ал эми кыргыз тилинин синтаксисин изилдөөчүлөр татаалдаш-кан сүйлөм тууралуу ушул кезге чейин сөз козгой элек. Профессор А. Жапаровдун кийинки монографиясында гана татаалдашкан сүйлөмдү өз алдынча бөлүп кароо түрдүү тилдердеги бир тутумдуу жана эки тутумдуу сүйлөмдөрдү мындан ары да, деталдуу изилдөөгө, ошондой эле жөнөкөй сүйлөмдөрдүн түрдүү моделдеринин калыптанышын аныктоодо эң маанилүү өбөлгө болорун баса белгилеген [5].

Кыргыз тили боюнча башка нормативдик грамматикаларда жана монографиялык изилдөөлөрдө синтак-систик түрмөктөр, бир өңчөй жана түшүндүрмө мүчөлөр, киринди, каратма сөздөр, кыстырынды сүйлөмдөр өз-өз алдынча азыноолак талдоого алынган да, алардын жөнөкөй сүйлөмдү татаалдаш-тыруучу касиеттери мүнөздөлгөн эмес. Ошондой эле аталган категориялар семантика-структуралык жактан терең жана ар тараптуу мүнөздөлө элек. Мына ушул себептерден улам «татаалдашкан сүйлөм» деген терминдин өзү кыргыз тил илиминде алгач ирет колдонулуп олтурат. Аталган түшүнүк түрк тилдерде түрдүү аталыштар менен 60–жылдары эле синтаксистик өзүнчө категория катарында колдонула баштаган. Бирок татаалдашкан сүйлөм маселеси башка түрк тилдеринин синтаксисинде толук иштелип, илимий жыйынтыктар чыгарылып калды деп эсептөөгө болбойт. Анын эң эле өзөктүү маселелери бүгүнкү күндө дискуссиялык мүнөзгө ээ болуп, карама-каршылыктуу көз караштар өкүм сүрүп келе жатат.

Биринчиден, татаалдашкан сүйлөм структуралык-семантикалык жактан жө-нөкөй сүйлөм менен кошмо сүй-лөмдөрдүн аралыгындагы өз алдынча сүйлөмдүн тибиби же жөнөкөй сүйлөмдүн өзгөчө көрүнүшүбү деген маселе узак мезгиден берки талкуунун объектисине айланган. Бул маселени аныктоодо татаалдашкан сүйлөмдү синтаксистик башка түрдүү деңгээлдеги конструкциялар менен салыштыруу зарылдыгы келип чыгат.

Экинчиден, татаалдашкан сүйлөмдү түзүүчү компоненттердин курамы тууралуу азыркы түркологиялык адабияттарда бирдиктүү система түзүлө элек. Татаалдашкан сүйлөмдү атайын максатта изилдеген түркологдордун айрымдары кээ бир синтаксистик конструкцияларды өз эмгектеринде түзүүчү компонент катары киргизишсе, айрымдары киргизишпейт, б.а., жөнөкөй сүйлөмдү татаалдаштыра албайт деп эсептешет.

Үчүнчүдөн, татаалдашкан сүйлөм менен багыныңтуу кошмо сүйлөмдөрдү өз ара айырмалоодо бири-бирине дал келбеген илимий көз караштар жок эмес. Кээ бир түркологиялык адабияттарда ээси орток багыныңтуу кошмо сүйлөмдөр чакчыл түрмөктүү татаалдашкан сүйлөм катары эсептелсе, кээ биринде, тескерисинче, атооч жөндөмөдөгү мүчөсү бар синтаксистик түрмөктөр багыныңкы сүйлөм катары таанылат. Анткени азыркы түркологияда кошмо сүйлөмдүн тутумунда канча жөнөкөй сүйлөм болсо, ошончо ээ болушу милдеттүү деген жобо үстөмдүк кылат. Эгерде андай болсо, сүйлөмдүн бир тутумдуу болуп бөлүнүшү жокко чыгарылар эле. Анткени бир тутумдуу сүйлөмдөрдүн көпчүлүгүндө ээнин болушу талап кылынбайт. Бул типтеги сүйлөмдөр

деле багынычтуу кошмо сүйлөмдүн тутумунда баш же багыныңкы сүйлөм болуп келе берет. Аларды татаалдашкан жөнөкөй сүйлөм менен чаташтырууга болбойт.

Төртүнчүдөн, татаалдашкан сүйлөмдү түзүүчү тиги же бул компоненттердин тарыхый жактан калыптанышы илимий гипотеза боюнча калып калууда. Бул маселеде орус тил илиминде да так иштелип чыккан теориялык негиздеме жок.

Бешинчиден, татаалдашкан сүйлөм-дүн өзүн ич ара классификациялоодо бирдиктүү принцип жетекчиликке алын-бай, алар тиешелүү өзгөчөлүктөрүнө жараша түрлөргө так бөлүштүрүлө элек.

Алтынчыдан, татаалдашкан сүйлөмдү түзүүчү компоненттердин стилисти-калык кызматын, алардын функцио-налдык стилдердин түрлөрү боюнча колдонулуш өзгөчөлүктөрүн анализ-дебей туруп, тиешелүү илимий жалпылоого ээ болуу мүмкүн эмес. Кандай гана синтаксистик категорияны албайлы, ал жөнүндөгү структуралык-семантикалык мүнөздөмө стилисти-калык аспект аркылуу жыйынтыкталат. Түркологиялык адабияттардын биринде да бул маселеге орун берилбей келе жатат.

Жетинчиден, татаалдашкан сүйлөмдө-гү предикативдүүлүк маселеси илимий-теориялык жактан негизделбей келе жатат. Бул албетте, предикативдүүлүк теориясына да көз каранды маселеге жатат. Анткени тил илиминдеги монопредикативдүүлүк жана полипреди-кативдүүлүк проблемалары кийинки кездерде гана колго алына баштады. Ал эми жарым предикативдүүлүк, кошумча предикативдүүлүк жөнүндө такталган теориялык бирдиктүү илимий жобо азыркы кезге чейин иштелбеген. Ал эми татаалдашкан сүйлөмгө бул илимий категориялардын тикеден –тике тиешеси бар. Анткени татаалдашкан сүйлөмдөгү предикативдүүлүк кадимки Y элементар-дык Y жөнөкөй сүйлөмдөгү жана багынычтуу кошмо сүйлөмдөгү предика-тивдүүлүккө окшобостугу талаш туудурбайт. Андай болсо татаалдашкан сүйлөмдөгү предикативдүүлүккө мүнөз-дүү өзгөчөлүктөр кайсылар? Албетте, бул сыяктуу маселелерди аныктоо үчүн жалпы түркологиядагы татаалдашкан сүйлөмгө байланыштуу өтө көп илимий-теориялык, практикалык материалдарды ар тараптуу анализдеп чыгуу зарыл.

Жыйынтыктап айтканда, азыркы жалпы тил илиминде болсун, түркологияда болсун, жеке тил илиминде болсун татаалдашкан сүйлөм жаңы багыттагы синтаксистик проблемага жатат да, сүйлөмдүн структуралык башка типтери сыяктуу эле көп аспектилүү мүнөзгө ээ. Демек, татаалдашкан сүйлөм, анын тарыхый жактан калыптанышы, сүйлөмдүн башка структуралык типтери менен болгон катышы, түзүүчү конструкциялар семантикалык жактан да, структуралык жактан да кеңири анализге алынышы талап кылынат.

Сүйлөмдүн башка типтерин илимий жактан сыпаттаган сыяктуу эле татаалдашкан сүйлөмгө мүнөздүү семан-тика-грамматикалык өзгөчөлүктөрдү аныктоодо адабий тилдин байлыктары да, жалпы элдик тилдин байлыктары да эриш-аркак кеңири пайдаланууга тийиш. Анткени адабий тил жазма адабияттарды тейлесе, жалпы элдик тил оозеки сүйлөшүү тилин тейлейт. Бул эки баскычтагы тилдик формаларды бири-биринен ажыратып кароого болбойт. Ошондуктан, М.З. Закиев жазуу речин изилдөө менен чектелген синтак-систерди өлүмтүктөр менен иштеген биолокторго салыштырган [6].

Мындан тышкары, кайсы гана грамматикалык категорияга кайрылбай-лы, түбү тектеш тилдердеги илимий жоболорго гана таянуу жетишсиздик кылат. Ошондуктан, жалпы теориялык проблемаларды чечүүдө башка тектеш эмес тилдерде топтолгон илимий-теориялык, методологиялык жана практикалык баалуу материалдардан пайдалануу зарылчылыгын тануу мүмкүн эмес.

**Адабияттар**

1. Ахманова О.С. Словарь лингвисти-ческих терминов. - М.: Советская энциклопедия, 1969.-с. 346: Калинин А.Ф. Основные аспекты структурного типа обобщенно-личных предложений. Дис. …канд. филол. наук. - М.,1979. –с. 22.

2. Балакаев М. Б. Современный казах-ский язык: Синтаксис. – Алмата: Изда-тельство АН Каз ССР, 1959, с. 109.

3. Гусейнова М. Категория сказуемос-ти в современном азербайджанском языке: Автореф. дис. … канд. филол. наук. –Баку, 1984,-с. 8.

4. Джаффаров Н.К. Структурно-семантическое развитие простого предложения в азербайджанском языке: Дис… канд. филол. наук. – Баку: 1981, с. 35-40.

5. Жапаров А. Синтаксичекий строй кыргызского языка. –Бишкек: Мектеп, 1992, с. 117.

6. Закиев М.З. Синтаксический строй татарского языка. Автореф. дис…. докт. наук.- Казань, 1963, с. 4.

7. Колшанский Г.В. Вопросы семантики языка в гносеологическом аспекте \\Принципы и методы семан-тических исследовании. - М., 1976, с. 29.

8. Нурманов А., Махмудов Н., Ахмедов А., Солихожаева С. Узбек тилининг мазмуний синтаксиси. – Тошкент: Фан, 1992, -29 б.

9. Серебреников В.А., Гаджиева Н.З. Сравнительно-историческая грамматика тюркских языков: Синтаксис. - М.: Нау-ка,1986, с. 74.

10. Сизова И.А. Что такое синтаксис? - М.: Наука, 1966, с. 8.

11. Матезиус В. Актуальное членение //Звегинцев В.А. История языкознания XIX-XX вв. в очерках и извлечениях. Часть 2. – М., 1960, 312 б.